1

Мадаминов Гапыр Маматкуловичтин «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу 13.00.01.-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык изилдөөсүнө карата

ПИКИР

Изилдөө иши киришүүдөн, үч главадан, 8 параграфтан, жалпы корутундудан жана практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен (213 аталыш) жана тиркемелерден (13 тиркеме) турат, иштин көлөмү 169 бетти түзөт.

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Диссертациянын темасы абдан актуалдуу. Анткени, биринчиден, кийинки учурда негизги көңүл окуучуларга билим берүүгө бурулуп, аларды тарбиялоо көпчүлүк учурда көңүл сыртында калып жаткандыгы кейиштүү факт. Экинчиден, окуучуларды тарбиялоо процессиндеги ата-энелердин ролуна, мектептин, мугалимдердин ата-энелер менен кызматташуусуна көп көңүл бурулбай келет. Үчүнчүдөн, окуучуларды окутуп-тарбиялоо процессиндеги ата-эненин ролун жалпысынан түшүнгөнүбүз менен, аларды окутуу-тарбиялоо процессине тартуу, бул жааттагы алардын дараметин жогорулатуу боюнча ишмердик маселеси учурда абдан алсыз болууда. Ошондуктан ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү жаатындагы изилдөө учурда абдан актуалдуу болуп саналат.

Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделүү даражасы. Диссертациялык изилдөөдө ата-энелердин окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндөгү маданиятын өркүндөтүүнүн тарыхый жана илимий-теориялык өбөлгөлөрү терең талданып, ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү модели, бул маданияттын мазмуну, структурасы, критерийлери сунушталып, айыл мектептеринин шартында ата-энелердин окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндөгү маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары жана аны ишке киргизүүгө байланыштуу 25 жылдан бери колдонуп келген “Эне мектеби” боюнча иш тажрыйбасы, “Мыкты эне”, “ Мыкты үй-бүлө”, “Мыкты сабак даярдоочу бөлмө” ж.б. конкурстар сыяктуу автордук илимий-педагогикалык долбоорлор практикалык жактан жакшы

негизделген. Педагогикалык эксперимент узак убакыт жүргүзүлүп, “Энелер мектебинде” окуган энелеринин педагогикалык маданияты 60-70% түзсө, көзөмөл класстардагы ата-энелердин педагогикалык маданияты 30-40% түзүп, эксперимент окуучулардын билим деңгээлине да таасир этип, анын жыйынтыктары 9-класста эксперименталдык класста окуучулардын окуудагы жетишкендиктери көзөмөл класска караганда 15-25%га жогору болгондугу ынанымдуу чагылдырылган.

Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча жарыяланган эмгектер жетиштүү.

Диссертациянын илимий жана практикалык маанилүүлүгү. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү жетиштүү негизделген. Изилдөө илимий жана практикалык жактан элдик педагогиканын, этнопедагогиканын негиздерине, ошол эле учурда тарбия тууралуу белгилүү адамдардын айткандарына, илимий изилдөөлөрдүн, психологдордун эмгектерине негизделип, сунушталган илимий жоболор көптөгөн факторлор менен бекемделет, алар: ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү модели, айыл мектептериндеги ата-энелердин педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары, ата-энелердин педагогикалык маданиятынын мазмунунун критерийлери, деңгээлдери, аспектилери, ата-энелердин педагогикалык ишмердүүлүгү, айыл жергесинде үй-бүлөдөгү балдар тарбиясына оң таасир берүүчү факторлор, үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалын аныктаган факторлор, үй-бүлөлөр менен иш алып баруудагы талаптар, айыл жериндеги үй-бүлөдө бала тарбиясынын төмөн болуусунун негизги себептери ж.б.

Изилдөө педагогика жаатындагы окумуштуулар, мугалимдер, мектеп администрациясы, ата-энелер, болочок мугалимдерди даярдоочулар, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен алектенгендер үчүн да теориялык жана практикалык жактан пайдалуу жана изилдөөнүн жыйынтыктарын практикада колдонгонго толук мүмкүнчүлүк бар жана учурда ал көп мектептерде активдүү колдонулууда.

Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар. Изилдөөдө анын илимий жана практикалык жетишкендиктерине таянуу менен, 4 практикалык сунуш берилет. Алар “Энелер мектеби” аркылуу айыл мектептериндеги ата-энелердин

педагогикалык маданиятын жогорулатуу моделин республиканын башка мектептерине жайылтуу, Ата-энелерди бала тарбиясына кызыктыруу максатында эксперимент алкагында иштелип чыгып, сынактан өткөрүлгөн “Мыкты эне”, “ Мыкты үй-бүлө”, “Мыкты сабак даярдоочу бөлмө” ж.б. конкурстарды айыл мектептеринде өткөрүү жана ал конкурстарда жеңип чыккан ата-энелердин тажрыйбаларын жайылтуу, ата-энелерге арналган педагогикалык адабияттарды, гезит-журналдарды массалык түрдө чыгарып, айыл мектептериндеги ата-энелерге жеткирүү, жогорку окуу жайларда студенттердин ата-энелер менен иштөө методикасын калыптандыруу боюнча атайын курс киргизүү, мугалимдердин билимин жогорулатуу боюнча курстарда ата-энелер менен иштөөгө даярдоого өзгөчө көңүл буруу, азыркы учурда коомубуздагы тарбия маселесинин актуалдуулугун эске алып, бардык район, областарда ата-энелердин конференциясын, съезддерди өткөрүп туруу менен байланыштуу болуп, бул сунуштарды практикада ишке ашырууга толук негиз бар.

Автореферaттын диссертациянын мазмунуна туура келиши. Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна туура келет.

Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта кетирилген кемчиликтер. Диссертациялык изилдөөдө жана авторефератта төмөнкүдөй кемчиликтерге да жол берилген:

1. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн модели дагы өркүндөтүп иштөөнү талап кылат. Анда моделдин компоненттеринин ортосундагы өз ара байланыш, алардын бири-бирин шарттоосу ачылбай, процесс бир тараптуу болуп калган, б.а. жебе бир багытта гана кетет.
2. Изилдөөнүн милдеттери менен түзүмүнүн ортосунда бир аз дал келбей калган учур бар. Тактап айтсак, киришүүдө “Экинчи главада 2-3-милдеттер чечмеленди” деп жазылат. Бирок 3-милдетте эксперимент тууралуу да сөз болот, ал эми эксперимент 3-главада ачылып берилет. Ошондуктан милдеттерде экспериментти 3-милдетке эмес, 4-милдетке кошуу туура болмок. Анткени 3-милдет “Айыл мектебинде автордук “Энелер мектебинин” алкагында ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын айкындоо жана аларды эксперимент аркылуу текшерүү”

деп жазылып, изилдөөнүн 2-милдетиндеги ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн мазмуну, критериалдык көрсөткүчтөрү, деңгээлдерин аныктоо экспериментте текшерилбегендей болуп калууда.

3. Айрым бир терминдерди чаташтырып колдонгон учурлар бар: "...Активдүү методдордун негизинде уюштурулат ... Бул методдорго: мактоо, ынандыруу ишеним көрсөтүү, үлгү болуу талап кылуу, түшүндүрүү шыктандыруу, үйрөтүү, кенеш берүү, жазалоо, көндүрүү, тыюу, сындоо ж.б. кирет» деп жазылат, автореферaттын 12-13-беттери.
4. Диссертацияда да, анын автореферaтында да грамматикалык жана стилистикалык каталар көп орун алган.

Албетте, бул кемчиликтер изилдөөнүн илимий да, практикалык да баалуулугун, анда жетишилген натыйжалардын маанисин кескин төмөндөтпөйт жана изилдөөчүдө айтылган пикирлерди эске алып, бул багытта ишти мындан ары ырааттуу улантуу мүмкүнчүлүгү толугу менен бар. Баса белгилей кетүүчү нерсе – изилдөөдөгү бир топ идеялар, жоболор учурда практикада активдүү жана ийгиликтүү колдонулууда.

Диссертациялык изилдөө КР «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобонун 10-пунктуна ылайык келет, анда көрсөтүлгөн критерийлер боюнча баллдар пикирге тиркелди.

Жыйынтык бүтүм:

Гапыр Мадаминовдун «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу 13.00.01.-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган изилдөөсү диссертациялык изилдөөнүн талаптарына жооп берет жана изилдөөчүгө педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууну сунуш кылууга болот.

КББАнын вице-президенти,

педагогика илимдеринин кандидаты Токтомаметов А.Д.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ

Мадаминов Гапыр Маматкуловичтин «Айыл мектептеринде ата-энелердин *педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары»* аттуу
темадагы диссертациясын эксперттик баалоонун
чен-өлчөмдөрү

№	Баалоонун негизги чен-өлчөмдөрү	Балл-н саны
I	**Актуалдуулуктун чен-өлчөмдөрү**	
1.	Изилдөө проблемаларынын иликтенгендиги	5
2.	Тандалып алынган теманын актуалдуулугунун негизделиши	5
3.	Иштелмелерге жасалган мамиленин артыкчылыктары	5
4.	Автордук жумушчу божомолдун логикалуулугу	5
5.	Максаттын жана милдеттин баяндалышы жана өз ара байланышы	5
	Баллдардын суммасы	25
	Орточо балл	5
II	**Жаңылыктардын чен-өлчөмдөрү**	
1.	Изилдөөнүн принциптүү жаңылыгы	5
2.	Илимий-усулдук мамиленин жаңы экендиги	5
3.	Көтөрүлгөн негизги жоромолду типтештирүү	4
	Баллдардын суммасы	14
	Орточо балл	≈4,7
III	**Сапаттын жана деңгээлдин чен-өлчөмдөрү**	
1.	Изилдөөнүн уюштурулушу жана методологиясы	5
2.	Илимий теориялык ресурстары	4
3.	Изилдөөнүн илимий колдонуучулук ресурстары	5
4.	Материалдарды иштеп чыгуунун негиздүүлүгү	5
5.	Теориялык натыйжа (фундаменталдуулугу)	4
6.	Натыйжалардын практикадагы зарылдыгы	5
7.	Максаттын жана милдеттин ишке ашырылыш деңгээли	5
	Баллдардын суммасы	33
	Орточо балл	≈4,7
IV	**Апробациялангандыктын чен-өлчөмдөрү**	
1.	Публикациянын толуктугу, деңгээли жана географиясы	5
2.	Ачык апробациялоонун толуктугу жана географиясы	5
3.	Белгиленген муктаждыкты канааттандыруу деңгээли	5
4.	Изилдөөгө жеке салым	5
	Баллдардын суммасы	20
	Орточо балл	5
V	**Жол-жоболоштуруу сапатынын чен-өлчөмдөрү**	
1.	Диссертацияны жол-жоболоштуруунун сапаты	4
2.	Автореферат жол-жоболоштуруунун сапаты	4
	Баллдардын суммасы	8
	Орточо балл	4
VI	**Диссертацияны «откоруунун» чен-өлчөмдөрү**	
1.	Коргоо алдындагы жол-жоболордун шайкештиги	5
2.	Коргоо жол-жоболорунун шайкештиги	5
	Баллдардын суммасы	10
	Орточо балл	5
	БАЛЛДАРДЫН ЖАЛПЫ СУММАСЫ	110
	ОРТОЧО БАЛЛ	≈4,78

Расмий оппонент: п.и.к. **Токтомаметов А.Д.**

А.Д.Токтомаметовдун колун тастыктайбыз: Кадрлар бөлүмүнүн башчысы

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ